Жалпы ата-энелер чогулушунун протоколу

№1

Кеңеш айылы

06.09.2022

Катышты: 47

1. Ата-эне
2. Мектеп администрациясы жана мугалимдер

Күн тартибиндеги маселелер:

1.2021-2022-окуу жылына карата анализ. ОББ:С.Осмонов

2.Ысык тамактын уюштурулушу.Уюштуруучу.

3.Үч тараптуу келишим кабыл алып,ата-энеге түшүндүрүү.

Уюштуруучу маалымат берет.

Угулду:

1.2021-2022-окуу жылындагы аткарылган иштер,жетишкендиктер тууралуу окуу бөлүмүнүн башчысы С.Осмонов төмөндөгүлөргө токтолду. 2021-2022-окуу жылы жемиштүү жылдардын катарын толуктады. Көптөгөн ийгиликтерди багындырдык. Токтоло кетсек. Олимпиада боюнча кыргыз тили предмети боюнча республикалык турдан Максат кызы Толгонай 3-орунду камсыз кылды. Жетекчиси Үмүт Токтакунова. Мындан сырткары дагы көптөгөн ийгиликтер жаралды. Окуу бөлүмүнүн башчысы сөзүнүн соңунда билим берүү тармагында рефармалары жүрүп 2022-2023-окуу жылында директорлордун шайланышы. Казаалы Абиров атындагы мектебинде Асан уулу Кубатбек директор болуп дайындалганы айтылып, сөз берилди.

Мектеп директору: Кубат Асанович өзүн ата-энелерге тааныштырды. Самара Сыртбеванын аткарылган иштери тууралуу токтолду. Мындан аркы иштерине ийгилик!

2-маселе, ысык тамак боюнча 2021-2022-окуу жылындагы директору Самара Турузбекова буларга токтолду.Башталгыч класстардын ысык тамак ичүүсү эч качан токтобош керек экендигин белгилеп,ата-энелерге чогулган акчанын кандай кетип жатканын түшүндүрдү.Тоолу региондор үчүн 1 балага 10 сомдон бөлүнөт. 8 сом жылуу региондорго берилет.Мурдагы жылдарга салыштырмалуу балдардын тамактануусу кыйла жакшырды. Балдардын ден-соолугу үчүн ысык тамак ичүүсү керек.Мамлекет балдардын пасобиесин балдар үчүн берилээрин эскертти. Учурда мектепке балдарга сабиз,кызылча өстүрүлдү. Мындан ары да ата-энелер менен бирдикте балдарга кам көрөлү.

Ысык тамак боюнча уюштуруучу А.Жунусова жана ата-энелер төрайымы Кудайбергенова иш алып барат. Кудайбергеновага балдардын тамак-ашын убагында камдап тургандыгы үчүн ыраазычылык билдирилди.

Көзөмөлдөөчү жана демилгелүү топтун комиссиялары түзүлдү.

Көзөмөлдөөчү топ:

1.К.Кудайбергенова-төрайым .

Мүчөлөрү:

2.Г.Өмүралиева

3.Б.Курманов

4.Э.Акматова

5.Ж.Курманов

6.Г.Өмүрова

7.В.Өмүрова

Демилгелүү топ:

1.А.Жунусова

2.А.Абраманова

3.А.Сулайманова

4.С.Кадырбеков

5.С.Ырыскелдиев

6. В.Өмүрова

7.К.Кудайбергенова

8.Сагынбек к. Каухар

9.Р.Шарапова

3-маселе. Үч тараптуу келишим. Уюштуруучу ата-энелерге келишимдин шарттарын түшүндүрдү. Келишимде мугалим,ата-эне,окуучунун ортосундагы мамиле жана милдеттери камтылган. Келишимге баш ийүүбүз керек. Жалпы ата-энелер колдорун коюп макулдуктарын беришти.

Жогорудагы белгилеп, күн тартибиндеги маселелер боюнча ата-энелер

чогулушу ТОКТОМ кылат:

1. 2022-2023-окуу жылына берилген анализ канааттандырарлык деп белгиленсин.

2. Башталгыч класстын ысык тамак уюштурулушу үзгүлтүккө учуратылбасын. Ысык тамакты көзөмөлдөө жагы уюштуруучу А.Жунусовага, ата-энелерден ысык тамакка кошумча акча чогултуу, керектүү азык-түлүктү алып берүү жагы ата-энелер комитети К. Кудайбергеновага жүктөлсүн.

3. Үч тараптуу келишимде көрсөтүлгөндөр так аткарылсын.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

Мектеп директору: Асан уулу Кубатбек

Катчы: Ж.Дүйшөнакунова.